**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин**
**Билим берүүнүн сапатын баалоо жана маалыматтар технологиясынын улуттук борбору**

# КЫРГЫЗ ТИЛИ 6-КЛАСС ВАРИАНТ № 4

*(окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн)*

**Аты-жөнү:** ____________________________________

2020

**№ 1. Сүрөттөөгө мүнөздүү мисалды белгилеңиз.**
**А)** Тобо, аздыр-көптүр элди көрүп, жер кыдырдым. Өзүм да муну күткөн эмесмин.
**Б)** Күндүн тегереги кызыл, көк ала саргыч болуп катмарланат. Күндүн көзүн бир нерсе каптагандай болуп турат.
**В)** Анан болгон окуянын жөн-жайын уккан сон кечиришти.
**Г)** Бу киши менен кокусунан жолдон жолуктук.

**№ 2. Фразеологизм катышкан сүйлөмдү белгилеңиз.**
**А)** Биринчиден, күндүн ысыгынан чыдабай кеттим.
**Б)** Олимпиадада буту үзүлгөнчө чуркап, жеңишке жетишти.
**В)** Дарактардын түбүнө атын байлап койду.
**Г)** Анын баласы ушунчалык кичи пейил болду.

**№ 3. Илимге таандык терминдерди белгилеңиз.**
**А)** ыр, роман, аңгеме
**Б)** мазмун, түштүк, чыгыш
**В)** сулуу, көрктүү, себеп
**Г)** түлкү, карышкыр, адам

**№ 4. Абзацтын ордун белгилеңиз.**
(1) Үчүнчү кабаттан терезеден үйдүн алдын карадым.(2) Гүл өстүргөн жерим эсиме түштү. (3) Баягы гүлдөр эми жок. (4) Калганы да саргарып куурап баратат. (5) Гүлдөрдү кичинекей арык кемпир өстүргөн.
**А)** 1, 2
**Б)** 1, 3
**В)** 1, 4
**Г)** 1, 5

**№ 5. Жаңы сөз жасоочу мүчөнү белгилеңиз.**
**А)** -лан
**Б)** -лар
**В)** -да
**Г)** -га

**№ 6. Этиштен атооч жасоочу мүчөгө мисалды белгилеңиз.**
**А)** Апам берген кагазды унуттум.
**Б)** Адамдын унутчаак сапаты бар.
**В)** Кечээки окуя бат эле унутулду.
**Г)** Жасаган иштерин унутушту.

**№ 7. Кошмок сөз катышкан сүйлөмдү белгилеңиз.**
**А)** Жоро-жолдош кыйынчылыкта билинет.
**Б)** Бак-дарактарды курттардан сактоо керек.
**В)** Агасынын сөзүн маани берип укту.
**Г)** Тоголок Молдонун ырлары мага жагат.

**№ 8. Кош сөз катышкан сүйлөмдү белгилеңиз.**
**А)** Тебетейи жаанга суу болуп калды.
**Б)** Кыргызстанда кен байлыктар көп.
**В)** Ата Мекен үчүн кызмат кылуу керек.
**Г)** Ичим уйгу-туйгу болуп чыкты.

**№ 9. Туура жазылган сүйлөмдү белгилеңиз.**
**А)** Жыйым терим майрамы болду.
**Б)** Жер суу тууралуу ырлар айтылды.
**В)** Эже-синди үй-бүлөсүнүн намысын коргошту.
**Г)** Бак шака түшүп, болушунча каткырышты.

**№ 10. Туура жазылган сөздөрдү белгилеңиз.**
**А)** бир эки, эчким
**Б)** бала-бакыра, жаз-күз
**В)** бололек, ден-соолук
**Г)** тарса-турс, үч үчтөн

**№ 11. Туура жазылган аттарды белгилеңиз.**
**А)** Сур Эчки, Күл Чоро
**Б)** Сур эчки, Күл чоро
**В)** Суречки, Күлчоро
**Г)** Сур-Эчки, Күл-Чоро

**№ 12. Жалпы таандык мүчө уланган сөздү белгилеңиз.**
**А)** баласы
**Б)** колум
**В)** балдарым
**Г)** кыяктыкы

**№13. Сын атооч катышкан сүйлөмдү белгилеңиз.**
**А)** Балдар бат-бат сүйлөдү .
**Б)** Анын жүрөгү уйгу-туйгу болду.
**В)** Буюмдары эски-ускудай көрүндү.
**Г)** Бүгүн конокко атактуу адамдар келет.

**№14. Туура жазылган сын атоочту белгилеңиз.**
**А)** эринчек, энжаман
**Б)** ак саргыл, апачык
**В)** кызыл-жүздүү, күлкүлү
**Г)** унутчак, артүркүн

**№15. Сын атооч жасоочу мүчөнү белгилеңиз.**
**А)** -ла
**Б)** -чы
**В)** -стан
**Г)** -сыз

**№16. Аныктоочтук милдетти аткарган сан атоочту белгилеңиз.**
**А)** Кыргызстанда <u>үч</u> чемпион чыкты.
**Б)** Саат <u>ондо</u> кече башталат.
**В)** Санактан <u>жыйырмага</u> келгенде чарчады.
**Г)** <u>Жети</u> өлчөп, <u>бир</u> кес.

**№17. Таандык мүчө уланган ат атоочту белгилеңиз.**
**А)** эч кандай
**Б)** баарыбыздыкы
**В)** алар
**Г)** тиги

**№18. Суроо белгиси туура коюлган ат атоочторду белгилеңиз.**
**А)** эч кимди? ар ким?
**Б)** качан? кана?
**В)** кээ бири? ушу?
**Г)** өзү? бул?

**№19. Аныктама ат атооч катышкан сүйлөмдү белгилеңиз.**
**А)** Алар бүгүн сабакка толук келишти.
**Б)** Ойдон күлүк эч нерсе жок.
**В)** Класста баарыбыз ынтымактуубуз.
**Г)** Капысынан кимдир бирөө кирип келди.

**№20. Белгиленген сөздөр кайсы сөз түркүмгө тиешелүү?**
<u>Кара</u> жердин <u>жазгы</u> жыты бур деди.
**А)** зат атооч
**Б)** этиш
**В)** сын атооч
**Г)** ат атооч

**Тесттин жыйынтыгын баалоо:**
- Ар бир туура аткарылган тапшырма 1 балл менен бааланат. Тестке жалпы максималдуу 20 балл берилет.
- Топтолгон баллды 5 баллдык баалоо шкаласына которуу:

| Балл | Баа |
|---|---|
| 1-6 | "2" |
| 7-10 | "3" |
| 11-14 | "4" |
| 15-20 | "5" |